КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11.2024-ж.** **№_1__** **Ак-Дөбө айылы**

**Айылдык кеңештин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Эсептөө комиссиясынын 29.11.2024-жылдын №3-протоколун жана эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

4. Эсептөө комиссиясынын айылдык кеңешинин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3-протоколу бекитилсин.
5. Бечелов Токтобай Ашимович айылдык кеңештин төрагасы болуп шайлангандыгы таанылсын.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрага Т.А.Бечелов

**Биримдик айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын №3-протоколу**

29.11.2024-жыл Ак-Дөбө айылы

Катышты:

Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна

Эсептөө комиссиясынын катчысы: Малабекова Назира Джээнбековна

Эсептөө комиссиясынын мүчөсү: Усенбеков Аман Уланович

**Күн тартиби:**

1.Биримдик айылдык кеңешинин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Эсептөө комиссиясынын төрагасы Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна күн тартиби, Биримдик айылдык кеңешинин төрагасын шайлоо, добуш берүүнүн тартиби, бекитилген шайлоо бюллетенининин формасы менен тааныштырды.

Биримдик айылдык кеңешинин төрагасынын кызматына төмөндөгү талапкерлер сунушталган:

1.Бечелов Токтобай Ашимович

2.Кочоркулов Адылбек Атабекович

Биримдик айылдык кеңештин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы боюнча эсептөө комиссиясы аныктады:

1.Биримдик айылдык кеңешинин депутаттарынын жалпы саны 21 (жыйырма бир).

2.Даярдалган шайлоо бюллетендерининин саны 21 (жыйырма бир)

3.Добуш берүүгө катышкан депутаттардын саны: 20 (жыйырма).

4.Депутаттарга берилген шайлоо бюллетендердин саны: 20 (жыйырма).

5.Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендердин саны:1 (бир)

6.Добуш берүү үчүн урнадан чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

7.Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны: 20 (жыйырма).

8.Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны: 1 (бир).

**Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны:**

Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны:

1.Бечелов Токтобай Ашимович – 11 (он бир);

2.Кочоркулов Адылбек Атабекович – 9 (тогуз).

Биримдик айылдык кеңештин төрагасынын кызматына ар бир талапкер боюнча шайлоонун жыйынтыгы аныкталды, ушуга ылайык эсептөө комиссиясы

**Чечти:**

1.Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Биримдик айылдык кеңешинин депутаттарынын көпчүлүк добушун алгандыктан **Бечелов Токтобай Ашимович** Биримдик айылдык кенештин төрагасы болуп шайлангандыгы таанылсын.

2.Бул протокол Биримдик айылдык кеңештин сессиясына бекитүү үчүн жиберилсин.

Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна

Эсептөө комиссиясынын катчысы: Малабекова Назира Джээнбековна

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11.2024-ж.** **№_2__** **Ак-Дөбө айылы**

**Айылдык кеңештин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Эсептөө комиссиясынын 29.11.2024-жылдын №3/1-протоколун жана эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Эсептөө комиссиясынын айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2024-жылдын №3/1-протоколу бекитилсин.
2. Сооронкулова Гулсара Нурдиновна айылдык кеңештин төрагасынын орун басары болуп шайлангандыгы таанылсын.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Төрага Т.А.Бечелов

Биримдик айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын №3/1-протоколу

29.11.2024-жыл Ак-Дөбө айылы

Катышышты:

Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна

Эсептөө комиссиясынын катчысы: Малабекова Назира Джээнбековна

Эсептөө комиссиясынын мүчөсү: Усенбеков Аман Уланович

**Күн тартиби:**

1. Биримдик айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө

Эсептөө комиссиясынын төрагасы Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна күн тартиби, Биримдик айылдык кеңешинин төрагасынын орун басарын шайлоо, добуш берүүнүн тартиби, бекитилген шайлоо бюллетенинин формасы менен тааныштырды.

Биримдик айылдык кеңештин төрагасынын орун басары кызматына төмөндөгү талапкерлер сунушталган:

1. Нарбаева Бурмакул Жакыпбековна

2. Сооронкулова Гулсара Нурдиновна

Биримдик айылдык кенешинин төрагасынын орун басарын шайлоонун жыйынтыгы боюнча, эсептөө комиссиясы аныктады:

1. Биримдик айылдык кенешинин депутаттарынын жалпы саны 21 (жыйырма бир).

2. Даярдалган шайлоо бюллетендеринин саны 21 (жыйырма бир).

3. Добуш берүүгө катышышкан депутаттардын саны: 20 (жыйырма ).

4. Депутаттарга берилген шайлоо бюллетендердин саны: 21 (жыйырма бир).

5. Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендердин саны: 1 (бир).

6. Добуш берүү үчүн урнадан чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны: 20 (жыйырма)

7. Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны: 20 (жыйырма ).

8. Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны: 1 (бир).

**Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны:**

1. Нарбаева Бурмакул Жакыпбековна – 7 (жети).

2. Сооронкулова Гулсара Нурдиновна – 12 (он эки).

3. Баарына каршы – 1 (бир)

Биримдик айылдык кенешинин төрагасынын орун басары кызматына ар бир талапкер боюнча шайлоонун жыйынтыгы аныкталды, ушуга ылайык эсептөө комиссиясы

**чечти:**

1. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча Биримдик айылдык кеңешинин депутаттардын көпчүлүк добушун алгандыктан **Сооронкулова Гулсара Нурдиновна** Биримдик айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары болуп шайлангандыгы таанылсын.

2. Бул протокол Биримдик айылдык кеңештин сессиясына бекитүү үчүн жиберилсин.

Эсептөө комиссиясынын төрагасы: Турдумамбетова Миргүл Сооботбековна

Эсептөө комиссиясынын катчысы: Малабекова Назира Джээнбековна

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11.2024-жыл** **№ 3** **Ак-Дөбө айылы.**

**“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “ Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 Жарлыгын аткаруу жөнүндө”.**

“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы “ Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө”№199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 Жарлыгын аткаруу боюнча маселени карап чыгып, талкуулап депутаттардын Биримдик айылдык Кеңешинин II чакырылышынын 1-кезектеги сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1 Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы “ Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №199 сандуу тескемеси жана 2024-жылдын 20-сентябрындагы “ Кезектеги Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” №271 сандуу Жарлыгы аткарууга алынсын.
2. Биримдик айыл аймагында кезектеги III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чаралардын календардык планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркелет)
3. Биримдик айыл аймагында кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүүнү уюштурууга жана техникалык жактан камсыздоого көмөктөшүү боюнча комитети (мындан ары-жумушчу топ) курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Биримдик айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындары өткөрүү участкалары жана өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча өткөрүү графиги №3, №4 тиркемелерге ылайык бекитилсин.
5. Биримдик айыл аймагында өкүлчүлүктү жыйын 2024-жылдын 07- декабрда саат 10.00 до Ак-Дөбө айылынын маданият үйүндө өткөрүлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага:** **Т.А.Бечелов**

**Бирмдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2024 - жылдын 29-ноябрь №3 токтомуна № 1 тиркеме**

**Биримдик айыл аймагында III Элдик Курултайды делегаттарды шайлоону өткөрүүнү уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш-чара планы.**

| № | Иш чаралардын мазмуну | Аткарууга жооптуу | Мөөнөтү | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29- августундагы “ Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө” ПЖ №215 Жарлыгы менен кабыл алынган убактылуу Жобонун ченемдери тууралуу калк арасында маалыматтык өнөктүктөрүн уюштуруу | Биримдик айыл өкмөтү | Октябрь-ноябрь | |
| 2. | Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүүнү уюштурууда материалдык-техникалык базалар менен камсыздоого көмөктөшүү. | Биримдик айыл өкмөтү | Октябрь-ноябрь | |
| 3. | Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону өткөрүүдө катышуучулардын коопсуздугун сактоо, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу. | Бакай-Ата РИИБ | Октябрь-ноябрь | |
| 4. | Элдик Курултай жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, жүрүшүн кеңири чагылдырып, атайын рубрикаларды уюштуруу. | | | |
| 5. | Атайын түзүлгөн графиктин негизинде жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүүнү уюштуруу. | Биридик айыл өкмөтү | Графиктин негизинде | |

**Биримдик айылдык кеңешинин жооптуу катчысы:** [signature] **Т.Момунтаев**

**Биримдик айыл аймагынын айылдык**
**кеңешинин 2024 - жылдын**
**29-ноябрь №3**
**токтомуна №2 тиркеме**

**III Элдик Курултайды өткөрүүнү уюштурууга жана техникалык жактан камсыздоого көмөктөшүү боюнча Биримдик айыл аймагынын жумушчу топтун курамы.**

| | |
|---|---|
| 1.1. | - Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңештин төрагасы, уюштуруу комитетинин төрагасы; |
| 1.2. Т.Момунтаев | - Биримдик айылдык кеңешинин жооптуу катчысы, төраганын орун басары; |
| 1.3 Н.Бейшеналиева | - Биримдик айыл өкмөтүнүн санариптештирүү жана кагаздарды жүргүзүү боюнча адиси, катчысы; |

**Уюштуруу комитетинин мүчөлөрү:**

| | |
|---|---|
| 1.4 Н.Малабекова | - Биримдикайыл аймагынын аялдар кеңешинин төрайымы; |
| 1.5. Атамбеков А. | - Биримдик айылдык кеңешинин депутаты; |
| 1.6. Өзбеков Ч | - Биримдик айылдык кеңешинин депутаты; |
| 1.7. Э.Итикулов | - Өзгөрүш айылынын айыл башчысы; |
| 1.8. Жузумамбет уулу Н | - Кең-Арал айылынын айыл башчысы; |
| 1.9. А.Муктарова | -Биримдик айыл өкмөтүнүн киреше боюнча адис; |
| 1.10. Н.Узбеков | -Биримдик айыл аймагынын аксакалдар сотунун төрагасы; |
| 1.11.К.Сагынбаев | - Биримдик айыл аймагынын жаштар кеңешинин мүчөсү. |

**Биримдик айылдык кеңешинин жооптуу катчысы:** **Т.Момунтаев**

Биримдик айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 2024 - жылдын
29-ноябрь №3
токтомуна № 3 тиркеме

## Биримдик айыл аймагында жергиликтүү коомдоштуктардын жана өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү графиги.

| № | Жааматтар (делегаттарды шайлоо) | Аткарууга жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1. | Кызыл-Сай айылы. | Биримдик айылдык кеңешинин төрагасы .IIIЭлдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 04-декабрда саат 10.00 до, Нурмамбетов Кубан эшик алды |
| 2. | Ак-Дөбө, Кызыл-Чарба айылдары | Биримдик айылдык кеңешинин төрагасы .IIIЭлдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 04-декабрды саат 14.00до Ак-Дөбө айылы маданият үйү |
| 3. | Өзгөрүш айылы | Биримдик айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 05-декабрда саат 10.00до У.Акынбеков орто мектеби |
| 4. | Кең-Арал айылы | Биримдик айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 05-декабрда саат 14.00до Кең-Арал айылы маданият үйү |
| 5 | Өкүлчүлүктүү жыйын | Биримдик айылдык кеңешинин төрагасы III Элдик Курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча комитеттин мүчөлөрү. Айыл өкмөттүн кызматкерлери. | 2024-жылдын 07-декабрда саат 10.00до Ак-Дөбө айылы маданият үйүнүн жыйындар залында. |

Биримдик айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Т.Момунтаев

Биримдик айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 2024 - жылдын
29-ноябрь №3
токтомуна № 4 тиркеме

Биримдик айыл аймагында өтүүчү жергиликтүү коомдоштуктардын курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча айылдардын тургундары менен өтүүчү жыйындардын графиги

| № | Биримдик айыл өкмөтү Калкынын саны 17 | | Делегаттардын саны 100 адам | Өтүүчү орду | Өткөрүү күнү, сааты | Айыл өкмөтүнүн жооптуулар | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ак-Дөбө айылы | 5460 | 25 | Маданият үйү | 04.12.2024-ж Саат 14-00 | Бейшеналиева Н. | 0701343459 |
| 2. | Кызыл-Сай айылы | 1751 | 15 | Оморбек к | 04.12.2024-ж Саат 10-00 | Бейшеналиева Н. | 0701343459 |
| 3. | Өзгөрүш айылы | 6180 | 40 | У.Акынбеков мектеби | 05.12.2024-ж Саат 10-00 | Итикулов Э. | 0500723474 |
| 4. | Кең-Арал айылы | 3855 | 20 | Маданият үйү | 05.12.2024-ж Саат 14-00 | Жүзүмамбет уулу Н | 0997678937 |

Биримдик айылдык кеңешинин катчысы: Т.Момунтаев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11. 2024-ж.** **№ 4** **Ак-Дөбө айылы**

**“ Ак-Дөбө айылынын Айтымбет көчөсүнүн 1км.жолун асфальттоо боюнча дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо жөнүндө”**

Бирилдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясында Бирилдик айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы З.С.Эшенкуловдун Дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо боюнча сунушун угуп талкуулап, депутаттардын Бирилдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясы.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Биримдик айыл аймагындагы Ак-Дөбө айылынын Айтымбет көчөсүнүн 1км. жолун асфальттоо боюнча жалпы наркы 7 462 877(жети миллион төрт жүз алтымыш эки миң сегиз жүз жетимиш жети) сом, дем берүүчү гранттан 3 731 438 (үч миллион жети жүз отуз бир миң төрт жүз отуз сегиз) сом акча кара жаты суралсын,ал эми өздүк салымдан 3 731 439 ( үч миллион жети жүз отуз бир миң төрт жүз отуз тогуз ) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысына Милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Биримдик айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Бечелов Т.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# Т О К Т О М

**29.11. 2024-ж.** **№ 5** **Ак-Дөбө айылы**

**“ Кызыл-Сай айылынын Оморбек көчөсүнүн 1км жолун асфальттоо боюнча дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо жөнүндө”**

Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын I кезектеги сессиясында Биримдик айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы З.С.Эшенкуловдун Дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо боюнча сунушун угуп талкуулап, депутаттардын Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясы.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Биримдик айыл аймагындагы Кызыл-Сай айылынын Оморбек көчөсүнүн 1км. жолун асфальттоо боюнча жалпы наркы 8 276 642(сегиз миллион эки жүз жетимиш алты миң алты жүз кырк эки) сом, дем берүүчү гранттан 4 138 321 (төрт миллион бир жүз отуз сегиз миң үч жүз жыйырма бир) сом акча кара жаты суралсын,ал эми өздүк салымдан 4 138 321 (төрт миллион бир жүз отуз сегиз миң үч жүз жыйырма бир ) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Биримдик айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Бечелов Т.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11. 2024-ж.** **№ 6** **Ак-Дөбө айылы**

**“ Кең- Арал айылындагы балдар бакчасына кошумча имарат салуу боюнча дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо жөнүндө”**

Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясында Биримдик айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы З.С.Эшенкуловдун Дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо боюнча сунушун угуп талкуулап, депутаттардын Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясы.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Биримдик айыл аймагындагы Кең-Арал айылынын балдар бакчасына кошумча имарат салуу үчүн жалпы наркы 9 500 000 (тогуз миллион беш жүз миң жүз) сом, дем берүүчү гранттан 4 750 000 (төрт миллион жети жүз элүү миң ) сом акча кара жаты суралсын, ал эми өздүк салымдан 4 750 000 (төрт миллион жети жүз элүү миң) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Биримдик айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Бечелов Т.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# Т О К Т О М

29.11. 2024-ж. № 7 Ак-Дөбө айылы

**“Ыйман балдар бакчасын оңдоп түзөө үчүн дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо жөнүндө”**

Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясында Биримдик айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы З.С.Эшенкуловдун Дем берүүчү грантка долбоорлорду сунуштоо боюнча сунушун угуп талкуулап, депутаттардын Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясы.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Биримдик айыл аймагындагы Өзгөрүш айылынын “Ыйман” балдар бакчасынын оңдоп түзөө үчүн жалпы наркы 3 934 808(үч миллион тогуз жүз отуз төрт миң сегиз жүз сегиз) сом, дем берүүчү гранттан 3 000 000 (үч миллион ) сом акча кара жаты суралсын, ал эми өздүк салымдан 934 808 (тогузжүз отуз төрт миң сегиз жүз сегиз) сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Биримдик айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Бечелов Т.А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
БИРИМДИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
БИРИМДИКСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ

**29.11. 2024-ж.** **№ 8** **Ак-Дөбө айылы**

**“ Биримдик айыл аймагынын 2025-2026-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүү жөнүндө”**

Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясында Биримдик айыл өкмөтүнүн КЭБ башчысы С.Темирбаеванын Биримдик айыл аймагынын 2025-2026-2027-жылдардын социалдык экономикалык өнүгүү программасын бекитүү боюнча билдирүүсүн талкуулап, депутаттардын Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин II чакырылышынын I кезектеги сессиясы 2025-2026-2027-жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасын ишке ашыруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн мамлекеттик болжолдоо жөнүндө” мыйзамдарына ылайык, Биримдик айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Биримдик айыл аймагынын 2025-2026-2027-жылдардын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилсин.(өнүгүү праграммасы тиркелет)
2. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.
3. Токтомдун атарылышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңешке жана анын бюджеттик комиссиясына милдеттендирилсин.
4. Бул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Биримдик айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы** **Бечелов Т.А.**

**Биримдик айыл аймагынын**
**2025-2027 - жылдарга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы.**

| 1-БӨЛҮМ. АЙМАКТЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ | |
|---|---|
| Географиялык абал | Биримдик айыл аймагынын күн чыгыш тарабынан Талас шаары, батыш-түштүк тарабынан Бакай-Ата айыл өкмөтү жайгашкан.<br>Административдик борбору Ак-Дөбө айылы. Республиканын борборунан 340 км.Облустун борборунан 30 км. Райондун борборунан 13 км.<br>Жакынкы аэропорттон 32 км.Жакынкы темир жол станциясынан 105 км.<br>Айыл аймагы 2024 - ж. уюштурулган.<br>Айыл аймагы 5 айылдан турат: Ак-Дөбө, Кызыл-Сай, Кызыл-Чарба, Өзгөрүш, Кең-Арал. |
| Жалпы аянты (Га) | 496,5 га |
| Ландшафт жана жаратылыш шарттары | Биримдик – айыл аймагы деңиз деңгээлинен бийиктиги 1800 метр. Климаты мелүүн континенталдуу, тоолу аймак. Кыштын узактыгы 4 айга созулат, кышкы суук температура -6-15 С° чейин, жайкысын температура +15 +25 С° чейин ысыйт, жаз кеч келет. Айыл чарбасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Жаз жана күз мезгилдери жаанчыл болот. Талас дарыясы агып өтөт.<br>**Музей:**<br>Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Биримдик айыл өкмөтүнүн Ак-Дөбө айылында Т. Герцен атындагы көркөм сүрөт музейи жайгашкан. Музей 1986-жылы курулган, 1990-жылы ишке берилген.<br>Жалпы көрүүчүлөрдүн саны 3500 адам. Сүрөт фонду 1663 экспонатты түзөт.<br>2018-жылы КР финансы министрлигинин түрткү берүүчү гранттын эсебинен 3,0 млн сомго чатыры, айнектери,Т. Герцен залынын полу алмаштырылды. Өзүнчө от жагуучу жай курулган.<br>Көйгөйлүү маселе: видеобайкоо орнотуу, 2 этаждын полун жаңыртуу. Брусчатка төшөө.Болжолдуу наркы 1,0 млн сом. КР маалымат, маданият, туризм министрлигинин балансына өткөрүп берүү. |
| АА калкы (адам), аялдардын саны: анын ичинде (айылдарда): | 17306 калк, анын ичинен аялдардын саны 8448 |
| Ак-Дөбө- айылы (АА борбору) | 5030 адам |
| Кызыл-Сай айылы | 1751 адам |
| Кызыл-Чарба айылы | 490 адам |
| Өзгөрүш | 6180 адам |
| Кең-Арал | 3855 адам |
| СЭӨПнын максаты | Биримдик айыл аймагынын 2025-2027-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) түзүүнүн негизги максаты айыл аймагынын беш жылга конкреттүү өнүгүү программасын иштеп чыгуу, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу. Өнүгүү программа жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүгүү үчүн жогорку натыйжа берүүчү каражат катары кызмат кылат жана айыл аймагынын |

келечегине шарт түзөт.

СЭӨП иштеп чыгуу процессинде айыл аймагынын социалдык-экономикалык, маданий, климаттык жана географиялык абалына анализ жүргүзүлүп, алдыдагы 2024-2027-жылдарга артыкчылыктуу багыттар аныкталат.

Айыл аймагынын калкынын бардык аспектилерин жана жашоо шарттарын жакшыртуу, анын ичинде азыркы жана келечек муундардын социалдык-экономикалык, маданий жана экологиялык бакубаттуулугун жогорулатуу.

Биримдик ААнын экономикасы негизи айыл жана мал чарбасына,төө бурчак,кылкандуу дан эгиндерин, картошка,жүгөрү жана көп жылдык чөптөрдү өндүрүүгө жана туризмге багытталган, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен кичи жана орто бизнестер ачылган, жеке ишкерлер соода-сатык жана экологиялык жактан таза айыл чарба продукцияларын өндүргөн, калкка кызмат көрсөтүү жана тиричилик инфраструктурасы жогору болгон айыл аймагы болуп эсептелет.

Бул СЭӨПтө каралган милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында социалдык-экономикалык абалы, коммуналдык инфраструктурасы мындан дагы жакшыртылып, калктын бардык катмары үчүн, анын ичинде балдар, жардамга муктаж үй-бүлөлөр, жалгыз бой энелер, кары-картандар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуу, жагымдуу жашоонун бардык шарттары менен коопсуз болгон аймакка айланат. ААнын калкы таза суу,канализация, телефон жана интернет байланышы менен толук камсыздалып, билим берүү, маданият, спорт, саламаттыкты сактоо, санитария, көрктөндүрүү, жашылдандыруу тармактарында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жогорулайт. Ички жолдор асфальтталып, тротуарлар жана көпүрөлөр калыбына келтирилип, көчөлөр кеңейтилип, түнкү жарыктар орнотулат.

**2-БӨЛҮМ. КАЛК**

**2.1. (таблица) Калк жана эмгек ресурстары**

| Категория | факт | | | күтүлгөн. | прогноз | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
| **Жыл башындагы туруктуу калктын саны** (адам) | 17062 | 17220 | 17374 | 17306 | 17517 | 17730 | 17945 |
| *Өсүш темпи %* | 2.6% | *2.9%* | ***2.99%*** | ***2,9%*** | ***3,0%*** | ***3,1%*** | ***3,18 %*** |
| анын ичинде аялдар | 8359 | 8428 | 8515 | 8448 | 8519 | 8592 | 8667 |
| **Жыл башындагы эмгекке жарамдуу курактагы туруктуу калктын саны,** (адам) | 9190 | 9245 | 9328 | 9228 | 9241 | 9249 | 9256 |
| *Өсүш темпи (%)* | 0% | 0.5% | -8.4% | 0.18% | 0.06% | 0.05% | 0.55 % |
| анын ичинде аялдар | 5100 | 5038 | 5060 | 5073 | 5079 | 5083 | 5089 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча **иштеген калктын саны** (адам): | | | | | | | |
| Айыл чарба | 4915 | 3879 | 3886 | 3893 | 3905 | 30913 | 3925 |
| Өнөр жай | | | | | | | |
| *Иштетүүчү* | | | | | | | |
| *Электр энергиясы* | 38 | 41 | 43 | 37 | 36 | 39 | 43 |
| *Курулуш* | | | | | | | |
| *Соода* | 69 | 72 | 75 | 79 | 82 | 89 | 95 |
| *Транспорт жана байланыш* | 68 | 71 | 73 | 75 | 79 | 83 | 86 |
| *Башка кызматтар* | | | | | | | |
| *Калдыктарды кайра иштетүү* | - | - | - | - | | | |
| **Жумушсуздардын саны** (адам): | 183 | 175 | 181 | 193 | 187 | 179 | 175 |
| *Өсүш темпи* | | | | | | | |
| анын ичинде аялдар | 92 | 79 | 83 | 99 | 94 | 89 | 83 |
| **Жакырчылыктын эң төмөнкү чегинде турган калктын саны** (адам) | | | | 484 | 481 | 476 | 471 |
| *Өсүш темпи* | | | | | | | |
| **Миграцияланган эмгекке жарамдуу калктын саны** (эл аралык миграция боюнча кеткендер, адам) | | | | | | | |
| *Өсүш темпи (%)* | | | | | | | |

**2.2. Эмгекке жарамдуу калктын өсүшүн, иш менен камсыз кылуу жана эмгек миграциясы маселелерин талдоо**

2023-жылы ААнын жалпы калкы **17347**адамды түздү, анын ичинен **8859** эркектер, аялдардын саны **8515** киши. Жылына төрөлгөндөрдүн саны **282** баланы түздү. Калктын өсүшүнүн болжолу жылына калктын өсүшүнүн 1% ашпайт. Божомолдоодо орто мөөнөттүү келечекте ички жана тышкы миграциянын өсүшү күтүлбөй тургандыгы, ошондой эле калктын сырттан агылып келиши эске алынган. Болжолдонгон калктын саны калктын табигый өсүшү жана азайышы менен жөнгө салынат (1-диаграмма

**Биримдик АА калкынын жалпы санынын өсүү динамикасы**




**Эмгекке жарамдуу калктын саны** 9228 адамды түзөт. Орто мөөнөттүү келечекте эмгекке жарамдуу калктын өсүшү жогорку темптерди көрсөтпөйт жана болжол менен ошол эле деңгээлде сакталат ( 2- диаграмма), бирок бул мезгилден кийин бул чараларды ишке ашыруунун эсебинен жогору көрсөткүчтөрдү күтүүгө болот. Экономиканы өнүктүрүүгө багытталган программа, бул жаштардын сыртка агылышын олуттуу кыскартууга жана ошону менен эмгекке жарамдуу калктын кыйла олуттуу өсүшүнө алып келиши мүмкүн .

**Биримдик ААнын эмгекке жарамдуу калкынын өсүү динамикасы**




Биримдик ААда 2024-жылы жалпы эмгекке жарамдуу калктын иш менен камсыз **болгон калктын** үлүшү (9228 адам) **80%ды түздү**.

**Биримдик ААнын эмгекке жарамдуу калкынын өсүү динамикасы**




2023-жылга салыштырмалуу жумушсуздардын саны 6 адамга азайып 66 адамды түздү. Мунун себеби жыл сайын ар кандай ишкерлик менен алектенген адамдардын санынын кобойүшү. Калкты жумуш менен камсыз кылуу учун мамлекеттик органдар жана айыл өкмөтү тарабынан бир нече иш аракеттер көрүлүүдө. Мисалы: 2023-жылы үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулун алуучуларынын арасынан 50 үй-бүлөгө 100000 сомдон социалдык контракттын негизинде ишкерлик менен алектенүүгө акча каражаты бөлүнүп берилди.

## 3-БӨЛҮМ. КЫЗМАТТАР ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ИНФРАСТРУКТУРА

**3.1. (таблица) Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура**

| Категория | *факт* | | | *күтүлгөн.* | *Прогноз* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 ж. | 2022 ж. | 2023 ж. | 2024 ж. | 2025 ж. | 2026 ж. | 2027 ж. |
| Ичүүчү сууга жеткиликтүүлүк (%) | | | 4,9% | 4,9% | 75% | 90% | 95% |
| Кожолуктарды катуу тиричилик калдыктарын (КТК) ташып чыгаруу менен камтуу (%) | | | 65% | 75% | 80% | 85% | 90% |
| Ички жолдордун жалпы узундугунан канааттандыраарлык абалдагы асфальтталган ички жолдордун үлүшү (%) | | | 15% | 17% | 22% | 28% | 30% |
| Көчөлөрдүн жалпы санынан жарыктандырылган көчөлөрдүн үлүшү (%) | | | 55% | 60% | 70% | 75% | 80% |
| Спорттук секцияларга | | | 250 | 280 | 320 | 325 | 330 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| тартылган жарандардын саны (адам) | | | | | | | |
| Маданият чөйрөсүндөгү ийримге катышкан жарандардын саны (адам) | 16 | 16 | 17 | 17 | 19 | 20 | 21 |
| Балдарды мектепке чейинки билим берүү менен камтуу (%) | | | 45% | 50% | 58% | 60% | 65% |
| Балдарды мектептик билим менен камтуу (%) | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9% | 99,9 % |
| Медициналык персонал менен камсыздоо деңгээли (адам) | 22 | 22 | 22 | 25 | 25 | 25 | 25 |
| Калкты турак-жай менен камсыз кылуу (%) | 60% | 65% | 60% | 65% | 70% | 75% | 78% |
| *(башка көрсөткүчтөр)* | | | | | | | |









**3.2. Учурдагы кырдаалды анализдөө**

**Таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу**: Кызыл-Чарба айылына биринчи жолу 1980-жылы таза суу киргизилген. Бүгүнкү күнгө 3100 метр таза суу системасы орнотулган. 36 түтүн таза суу менен камсыз болушкан. Кең-Арал айылында суу түтүктөрүн киргизүү АРИС долбооруна кирген, бирок курулуш иштери күтүлүүдө, Өзгөрүш айылына суу түтүктөрү киргизилген 50% жумуш аткарылган учурда жумуш токтоп турат. Ак-Дөбө, Кызыл-Сай айылдарында таза суу курулуу иштери аяктоо стадьясында. Кызыл-Чарба айылында таза суу киргизилген, ишке берилген.

2024-жылга карата калктын **4,9% гана таза суу менен камсыз болууда, бул төмөнкү көйгөйлөр менен шартталган:**

Биримдик айыл аймагындагы Кызыл-Чарба таза суу системасы айыл өкмөтүнүн башкаруусунда эмес, жана "Кут-Биримдик" МИ чарбалык башкарууга өткөрүлүп берилген жок. Кызыл-Чарба айылын таза суу менен камсыздоодо хлоратордун жоктугу. Суу ченүүчү счетчиктердин жоктугу, тарифтердин жоктугу жана келишимдин түзүлбөгөнү. Башкы суу топтолчу жайдын кароосуз турууда, атайын корулуп кайтарылуучу коруктары жок. Мезгил мезгил менен ремонттон өткөн эмес.

Ак-Дөбө, Кызыл- Сай, Кен-Арал, Өзгөрүш айылдарына суу түтүктөрүн орноштуруу иштери жүрүүдө.

АА калкын **80%га** суу менен камсыз кылуу жагы пландалууда.

**Катуу тиричилик калдыктарды чыгарууну 100%га жеткирүү.**

Биримдик айыл аймагы 17 306 адамдан жана беш айылдан турат. Бүгүнкү күнгө 6285 адам менен келишим түзүлүп, 4 айылдын КТК чыгарылат. КТК үчүн 0,20 га таштанды таштоочу жай уюштурулуп, курчалган.

2024-жылы **75%** деңгээлинде аткарылды, буга төмөнкү көйгөйлөр жогорку 100 пайызга жетишүүгө тоскоол болууда:

- Таштандыларды чогултуу үчүн атайын техникалардын жетишсиздиги;
- Таштандыларды кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Айыл аймактын карамагындагы айылдардын аралыктарынын алыстыгы;
- КТК төлөмдөрдү өндүрүүдө айыл тургундарынын келишимге үй курамынын санын жашырып, азайтып көрсөтүлгөндүгү;
- Таштанды таштоочу жайдын казылып даярдыгы жок шарттары түзүлгөн эмес;
- Тарифтерди иштеп чыгууда ички жана тышкы миграциянын эске алынбаганы;
- Атайын коомдук аймактарда, социалдык объектилерде таштанды чогулчу контейнерлердин жоктугу;
- Таштанды ташталчу жерде кароолчунун жоктугу;
- Матиериалдык- техникалык базасынын жоктугу, техника коюлуучу гараждардын жоктугу.

2024-жылдын башында таштанды чыгаруу тарифи Биримдик айыл аймагында ар бир жанга 13

сомдон белгиленген. Таштанды чыгаруу боюнча тарифтин көлөмүн жогорулатуу жагы пландалууда.

**Таза ичүүчү суу менен камсыз кылуу**: 2024-жылга карата калктын **4,9% гана таза суу менен камсыз болууда, бул төмөнкү көйгөйлөр менен шартталган:**

- Кең-Арал айылында суу түтүктөрүн киргизүү АРИС долбооруна кирген, бирок жумуш баштала элек;
- Өзгөрүш айылына суу түтүктөрү киргизилген 50% жумуш аткапрылган учурда жумуш токтоп турат.
- Ак-Дөбө, Кызыл-Сай айылдарында таза суу киргизилген эмес;
- Кызыл-Чарба айылында таза суу киргизилген, ишке берилген;

АА калкын **80%га** суу менен камсыз кылуу жагы паландалууда.

**Катуу тиричилик калдыктарды чыгарууну 100%га жеткирүү,** 2024-жылы **75%** деңгээлинде аткарылды, буга төмөнкү көйгөйлөр жогорку 100 пайызга жетишүүгө тоскоол болууда:

- Таштандыларды чогултуу үчүн жумушчулардын жетишсиздиги;
- Таштандыларды чогултуу үчүн атайын техникалардын жетишсиздиги;
- Таштандыларды кайра иштетүүчү ишканалардын жоктугу;
- Айыл аймактын карамагындагы айылдардын аралыктарынын алыстыгы;
- Айыл аймактын аянтынын, анын карамагындагы айылдардын жана алардагы жашаган калктын санынын көптүгү;

2024-жылдын башында таштанды чыгаруу тарифи Биримдик айыл аймагында ар бир жанга 13 сомдон белгиленген. Таштанды гыруу боюнча тарифтин көлөмүн жогорулатуу жагы пландалууда.

**Ички жолдордун абалы: Айыл аймактын ички жолдорунун узундугу жалпы 88,0 км түзөт.** 2024-жылы ААдагы асфальтталган жолдордун үлүшү **9,9% түзөт**. ААнын жол тармагы төмөнкүдөй көйгөйлөргө туш болууда:

- АА аймагындагы ички жолдорду асфальттоого каражат жетишсиз;
- Айылдардын ичиндеги чоң жолдордун боюнда жөө жүргүнчүлөр үчүн тротуарлардын жоктугу же талкаланып калгандыгы;
- Кээ бир үй чарбаларында үй, тосмо же дубал тротуарларды жаап, кызыл сызыкка чейин кирип кеткендиги;
- Кум-шагыл жолдорго регулярдуу шагыл төгүлбөй, профилировка жүргүзүлбөй келиши;
- Техникалардын жетишсиздиги;

## Билим берүү:

Биримдик айыл аймагына караштуу 6 орто мектеп 4 мамлекеттик бала-бакча бар.

## Орто мектептер:

### Акчал уулу Дүйшөн атындагы орто мектеби:

Ак-Дөбө айылында жайгашкан Акчал уулу Дүйшөн атындагы орто мектеби 1974-жылы курулган, 1975-жылы ишке берилген.

Долбоор боюнча сыйымдуулугу 750 орунга ылайыкташкан, азыркы убакта 1270 окуучу билим алат.

### Шаршенбай атындагы орто мектеби:

Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Биримдик айыл өкмөтүнүн Кызыл-Сай айылындагы Шаршенбай атындагы орто мектебинин курулуш иши 2014-жылы башталып, 2017-жылы пайдаланууга берилген. 67млн сом акча каражатына курулган. 275 орундуу, бүгүнкү күндө 332 окуучу билим алып, 26 мугалим эмгектенет.

### У. Акынбеков атындагы орто мектеби:

Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Биримдик айыл өкмөтүнүн Өзгөрүш айылында жайгашкан У. Акынбеков атындагы орто мектеби 1978-1979-

жылы курулган, 1979 -жылы ишке берилген.
Долбоор боюнча сыйымдуулугу 640 орунга ылайыкташкан, азыркы убакта 703 окуучу билим алат. Мектепте актовый зал, спорт зал жайгашкан жана ашканасы бар. 2023-жылы капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан сметалык баасы 43,0 млн,тендердик баасы 41,300 млн сом.

**Кашка-Жол орто мектеби:**

Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Бирimдик айыл өкмөтүнүн Өзгөрүш айылында жайгашкан Кашка-Жол орто мектеби 2022-2024-жылы курулган, 2024 -жылы ишке берилген.
Долбоор боюнча сыйымдуулугу 275 орунга ылайыкташкан, азыркы убакта 336 окуучу билим алат. Мектепте актовый зал, спорт зал жайгашкан жана ашканасы бар. Сауд өнүктүрүү фонду тарабынан 86,0 млн сомго курулуп ишке берилди.

**С. Собуров атындагы орто мектеби:**

Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Биримдик айыл өкмөтүнүн Өзгөрүш айылында жайгашкан С. Собуров атындагы орто мектеби 2019-жылы курулган, 2019-2020-жылы ишке берилген.
Долбоор боюнча сыйымдуулугу 180 орунга ылайыкташкан, азыркы убакта 251 окуучу билим алат. Мектепте ашканасы бар. Мектеп Кувейт мамлекети тарабынан 12,0 млн сомго каржыланып ишке берилген.

**А. Арыстанов атындагы орто мектеби:**

Талас облусунун Бакай-Ата районуна караштуу Биримдик айыл өкмөтүнүн Кен-Арал айылында жайгашкан А. Арыстанов атындагы орто мектеби 1975-жылы курулган, 1977-жылы ишке берилген.
Долбоор боюнча сыйымдуулугу 640 орунга ылайыкташкан, азыркы убакта 635 окуучу билим алат. Мектепте ашканасы бар. : А.Арыстанов орто мектебинин капиталдык ондоо иштери 2023-жылы Республикалык бюджеттин эсебинен башталган, бүгүнкү күнү ремонт иштери жүрүп жатат.

**Көйгөйлөр**: Акчал уулу Дүйшөн атындагы орто мектептин чатырын алмаштыруу,ашканага заманбап эмеректерди алуу,спорт залды заманбап типте ондоо,мектептин сыртын жасоо,брусчатка төшөө. Болжолдуу наркы 9,5 млн сом.

